www.bizdin.kg

Хан Дөлөндү өлтүрүп,
Досумдун кунун төлөйүн...

Ошондо Канышайдын жүрөгү кабынан чыгып кете жаздап, көзүнөн жашы талаа-талаа болуп агып, айтып турганы:

— Анык эле өлсө жалгызым,
Аял деле болсом мен бейбак
Аркамда турат ойлонсом,
Арым менен намызым.
Адамдын кылар ишиби
Алганынан айрылып,
Ары жок жесир калышым...
Аруу[1] жесир болгунча,
Ары жок атка конгуча,
Жаңыртып эрге тийгенче,
Жазыгын тартып күйгөнчө,
Жаман жерге кор болуп,
Жалдырап ыйлап жүргөнчө,
Которуп эрге тийгенче,
Кордугун санап күйгөнчө,
Жаман эрге кор болуп,
Комутта калып күйгөнчө.
Арка чачымы тарайын,
Ажалсыз өтө калайын,
Акырет кеткен жалгыздын
Аркасынан барайын,
Ары жок жесир атыгып,
Кимдин көзүн карайын?..
Желке чачымы тарайын
Жетпесе ажал мейличи,
Жарынып өлө калайын,
Шейит өлгөн жалгыздын,
Жетегине барайын,
Шерменде жесир дедирип,
Кимдин көзүн карайын...
Деп ошондо Канышай,1
Ок тийгендей тырп этип,
Уу ичкендей шылк этип,
Таранчыдай тырпырап,
Анда-санда чыркырап,
Жанындагы кырк катын,
Жалпы ыйлады зыркырап,
Айласы кетип бек Аккан
Андан ыйлап буркурап,
Жанындагы кырк жигит,
Жалпы өкүрдү чуркурап...
Анык өлгөн экен деп,
Аркасынан кетем деп
Үйүн карай жүгүрүп,

[1] А р у у — күнөөсүз таза.